1.Текшерүү, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу

2. Салыштырып баалоо

3. Топто баалоо

14. Адабий окууда сөздүк жумушун жүргүзүүнүн ыкмалары.

1.Текстке чейин, текстти окуп бара жатканда, текстти окугандай кийин

2. Сабактын жүрүшүндө

3. Жалпы талкуулоо аркылуу

15. Окуу программасында адабий окууга берилген жылдык сааттын көлөмү?

1. Жыл бою 104 саат

2. Жыл бою 200 саат

3. Жыл бою 100 саат

16. Окуу планында адабий окууга берилген жумалык сааттын көлөмү?

1. Жумасына 4 саат

2. Жумасына 3 саат

3. Жумасына 7 саат

17. Класстан тышкаркы окууга бөлүнгөн сааттар?

1.Жумасына 1 сааттан

2.Жумасына 4 сааттан

3.Жумасына 2 сааттан.

18.Адабий окуу сабагында окуучунун дептерин убштуруунун жолдору?

1.Окуучунун чыгармачыдыгын өнүктүрүүчү, өз алдынча иштей турган дептери.

2.Мугалим сунуш кылган таптырмаларды аткарат.

3.Жаттаган тексттерин жазат.

19.Адабий окуу сабагында сөздүк дептерин уюштуруунун формалары?

1.Мугалим сунуш кыллгана сөздөрдү жаза.

2. Өз алдынча жаны сөздөрдү жазат.

3.Тексттеги сөздөрдү көчүрүп жазат.

20.Адабий окууда окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө берилген тапшырмалардын түрү?

1.Суроолор, тапшырмалар, монолог, диалог түзүү, сүрөр боюнча дил баян жазуу.

2.Текстти өз алдынча окуу.

3.Текстти талдоонун уюштурууга карата тапшырманын түрү.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

---

**Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасы**

**Башталгыч мектепте эне тилин окутуунун методикасы дисциплинасы боюнча окуу курал**

# ДИСЦИПЛИНА БОЮНЧА ОКУТУУЧУЛАР ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК КӨРСӨТМӨ

**Багыты:** 550000 Педагогикалык билим берүү

**Адистиги:** 550700 Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы

**Профили:** Башталгыч билим берүү

Жалал-Абад – 2015

“Башталгыч мектепте эне тилин окутуунун методикасы” дисциплинасы студенттерге 1-4-курста окулат (2,4, 5, 6, 7, 8 семестр). Окуу дисциплинасы башка дисциплиналарды специализациялоо менен т.а. кыргыз тили жана кеп маданияты, педагогика, психология, башталгыч билим берүүнүн педагогикасы, маалымат жана коммуникациялык технологияларды окуу процессинде колдонуу, кыргыз тили, башталгыч мектепте кыргыз тилин жана адабий окууга үйрөтүүнүн методикасы дисциплиналары менен байланышат. Учурдагы мугалим адабий тилдин нормаларын, башталгыч класстын кыргыз тилинин окуу программасын терең өздөштүргөн, кыргыз тили, адабий окуу предметтеринин тарбиялык маанисин түшүнгөн, окутуунун ыкмаларынын теориялык негиздерин жана эне тилин окутуунун принциптерин, окуу иштеринин методикалык ыкмаларын билүүсү жана аларды колдонууга, мектептин тарыхын, методика илиминин багыттарын, өзүнүн маселелерин чечүү үчүн анын кийинки жылдардагы изилденген проблемаларын билүүсү талап кылынат. Ал үлгүлүү тарбиячы болуу менен бирге кенже мектеп окуучуларына эне тилинин байлыгын жана туура сүйлөөгө, кептик маданиятын калыптандырууга умтулуусу зарыл. Учурдагы

мугалим квалификацияланган окурман жана балдарды китепти сүйүүгө жана окууга тарбиялоочу инсан болуусу зарыл.  Сиздерге сунуш кылынган курс төмөнкү бөлүмдөрдөн турат: Туура жазуунун  практикуму.  Сабатка үйрөтүүнүн методикасы. Адабий окууга үйрөтүүнүн теориясы жана  методикасы. Кыргыз  тилин окутуунун методикасы.  Сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы көркөм окуунун практикуму менен.

Бул курстун методикасында студентке  кенже мектеп жашындагы балдарды окутуу жана тарбиялоонун маселелерин өз алдынча чечүүгө, алар менен иштөөгө, окутуунун жана тарбиялоонун теориясын өз алдынча окуп-үйрөнүүнү андан ары өркүндөтүүнү, методикалык адабияттарды окууга, өз тажрыйбасын аныктоого жана баалоого, сын көз менен кароого, окуу программаларын жана окуу китептерин тандоого жетишүүсү керек.

Методиканын курсунун негизги идеясы катары төмөнкүлөр эсептелет: эне тилинин тарбиялык функциясын реализациялоо, анын кенже мектеп окуучулары үчүн жеткиликтүүлүгү, окутууга кызыктыруунун спецификасы, мектептин тибинин түрдүүлүгү,  4 жылдык башталгыч билим берүүнүн курамы, окуучунун өз алдынча окурмандыгын калыптандыруу,  кенже мектеп окуучуларын билим берүү жана адабий өнүгүүсүн камсыз кылуу, окутуудагы проблемалык ситуацияларды түзүү, бала бакча менен мектептин биримдик проблемасын аныктоо жана чечүү, окуу-тарбиялык иштердин перспективалык маселелери, окутуу процессиндеги окуучуга дифференциалдык мамиле жасоо ж.б.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

---

**Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасы**

**Башталгыч мектепте эне тилин методикасы дисциплинасы боюнча окуу курал**

**ДИСЦИПЛИНА БОЮНЧА СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК КӨРСӨТМӨ**

**Багыты:** 550000 Педагогикалык билим берүү

**Адистиги:** 550700 Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы

**Профили**: Башталгыч билим берүү

Жалал-Абад – 2015

"Башталгыч мектепте эне тилин окутуунун методикасы" дисциплинасы биринчи жана үчүнчү, төртүнчү курстарда (5-8-семестр) окулат.

Окуу иштеринин негизги түрү лекциялык жана практикалык сабактар болуп саналат. Лекцияда курстун максатын түшүнүүнүн негизги жоболору, проблеманы учурдун талабына жараша чечүү маселелери каралат. Практикалык сабактарда окутуунун профессионалдык машыгууларын чечүүгө байланышкан милдеттерин чечмелөө маселелери каралат. Практикалык сабактардын материалдары негизги теориялык жоболорду актуалдаштырууга жана жалпылоого, аларды талкуулоого арналат. Ошондой эле студенттин өз алдынча иштерин уюштурууда тапшырмаларды аткаруунун методикалык көрсөтмөлөрү, аларды калыптандыруунун методикалык машыгууларынын эффективдүү жолдору сунушталды. Ар бир практикалык сабактан кийинки сунушталган адабияттар студенттин методикалык даярдык деңгээлин көтөрүүгө өбөлгө түзөт.

Практикалык сабактарга даярданууда төмөнкү сунуштарды колдонууга болот:

1.Тапшырманы көңүл коюп окуп, сунушталган адабияттарды карап чыгуу.

2.Тапшырмага байланыштуу монографияларды, окуу методикалык пособияларды, мезгилдүү басма сөзгө жарыяланган материалдарды, башталгыч класстын окуулуктарын анализдөө.

3.Окутуучу тарабынан сунуш кылынган зарыл адабияттарды конспектилөө.

4.Окутуучу тарабынан сунуш кылынган практикалык тапшырмаларды аткаруу.

5.Сабакта сунуш кылынган суроолордун тизмеси менен өзүн-өзү көзөмөлдөө жана текшерүү.

Ар бир практикалык тапшырмаларды аткаруу менен студент экзаменге даярданууга, адистиккке машыгууга, педагогикалык практикага даярдыгы күчөйт. Дисципдина боюнча өз алдынча иштер окуу иштерин жүргүзүүнүн негизги түрүнө кирүү менен практикалык сабакка даярдануу аркылуу кенже мектеп окуучуларынын ишмердүүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн пландаштырууга, сабактын фрагментин, дидактикалык оюндардын иштелмелерин аткарууга жетише алат.

Дисциплинаны окуп-үйрөнүү үчүн негизги жана кошумча адабияттар сунуш кылынды. Негизги адабияттар милдеттүү түрдө окуп-үйрөнүүгө, кошумча адабияттар айрым маселелерди кеңейтүүгө, илимий-изилдөөчү тапшырмаларды даярдоого жана аны аткарууга , өз алдынча иштерди аткарууга ж.б.

Эгерде студент практикалык сабактарды калтырса, окуу-методикалык комплекстин (лекция, практикалык сабак, текшерүүчү тесттер, тапшырмалар) материалдарын өз алдынча даярданууга жана теманы өздөштүрүүгө болот.

# СИЛЛАБУСТАР

## Жалал-Абад мамлекеттик университети

**БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА МЕТОДИКАСЫ КАФЕДРАСЫ**

**АДАБИЙ ОКУУГА ҮЙРӨТҮҮНҮН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА МЕТОДИКАСЫ**

# Силлабус

**Багыты: 550000 ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ**

**Адистиги: 550700 ПЕДАГОГИКА ЖАНА БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ**

**Профили: БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ**

**Окутуунун нормативдик мөөнөтү - 4 жыл.**

**Курстун деңгээли: БА (бакалавр)** ***студенттери үчүн, III курс, VI семестр.***

**Бардыгы 2 кредит, жалпы сааты-60, анын ичинен-32 саат аудиториялык, 28 саат студенттердин өз алдынча иштери үчүн пландаштырылган.**

**Лекция – 16 саат, практикалык – 16 саат**

**Силлабус мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлдү**

***Түзгөн: п.и.д., доцент Сакиева Сайипжамал Салайдиновна***

***Тел: 0559011160; 0773001160***

***e-mail: s-sakieva @mail.ru; facebook.com/s.sakieva***

Жалал-Абад –2015

# КИРИШҮҮ

Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүү методикасынын предметтик мазмунун кыргыз адабиятындагы кенже мектеп окуучуларынын курактык өзгөчөлүгүн эске алган элдик оозеки жана адабий чыгармалар түзөт. Методика илими аларды дидактикалык негиздерге жана заман талабына ылайык окутуп-үйрөтүүнү сунуш кылат.

Адабий окууга үйрөтүүнүн методикасынын теориялык маселелерине курстун жалпы түшүнүктөрү, дидактикалык принциптери, методологиясы, инсанга багыттап окутуунун факторлору сыяктуу маселелер каралат. Адабий окууну башталгыч мектепте үйрөтүүдө ата-бабалардан келе жаткан руханий дөөлөттөргө сиңирилген эне тилдин баалуулуктарын жайылтуу, окуучулардын ой-жүгүртүүсүн өстүрүү, тексттин мазмунун түшүнүүгө, өз сөзү менен айтып берүүгө, текст менен чыгармачылык менен иштөөнү, сөз байлыгын кеңейтүү, эркин пикир алмашуу, туура, так сүйлөөгө, жазууга көнүктүрүү жана адабий билимдерин тереңдетүү максатын көздөйт.

Адабий окууга үйрөтүүнүн методикасы дисциплинасы лекциялык курстан, практикалык жана өз алдынча иштөө формаларынан пландаштырылып, курстук иш жазылат. Лекциялык курста адабий окууга үйрөтүүнүн методдору, тарыхы, окутуунун каражаттары, аларды сабакта пайдалануунун теориялык, практикалык негиздери,адабий окуу сабагынын курамы, аларды уюштуруунун формалары боюнча жалпы маалымат берилет. Салттуу жана инновациялык окутуу, анын айырмачылыктары, сабактын структуралык түзүлүшү, башталгыч класстын программасы, “Адабий окуу” окуу китептери менен байланыштуулугу айтылат.

Адабий окууга үйрөтүүдө окуучунун билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандыруунун жолдору, окуу ылдамдыгын текшерүүнүн формалары, элдик жана адабий чыгармаларды окутуунун өзгөчөлүктөрү, аларды окутуунун салттуу жана интерактивдүү методдору талданат. Адабий окууга үйрөтүүдөгү жазуу жумуштарынын (дилбаян, баяндама) түрлөрү, аларды пландаштыруунун өткөрүүнүн, баалоонун, формалары сунушталат.

Практикалык сабакта календардык план, сабактын иштелмесин түзүүнү, аларды пайдалануунун жолдору талкууланат. Сабакка максат коюуну, максат коюуда окуучунун позициясына коюу менен сабактын план-иштелмесин түзүүнү, ишмердүүлүктүн түрүн жана ыкмаларын тандоого үйрөнүп, сабакты өтүүнүн жолдорун талкуулап, сабакты анализдөөнү, баалоону үйрөнүшөт, илимий методикалык адабияттарды пайдаланууга көнүгүшөт.

Өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалардын темалары, аткаруу формасы, жадыбалы сунушталат. Курс боюнча өз алдынча иштөө реферат, эссе, баяндама, дил баян, курстук иштер жазылып, баяндама окуу жана сабак өтүү формасында да жүргүзүлөт.

**Курсту өздөштүргөнгө чейинки реквизиттер (билимдер)** “Адабий окууга үйрөтүүнүн методикасы” предметин окуп үйрөнүүдө адабият, тарых, философия, лингвистика, педагогика, психология предметтеринин түшүнүктөрү негиз болот. Студенттердин орто мектептен алган билимдери, социалдык көндүмдөрү да чоң мааниге ээ. Адабий окууга үйрөтүүнүн методикасы предмети студенттерге адабий окуу предмети боюнча профессионалдык даярдык көрүүгө база болот.

**Курсту өздөштүргөндөн кийинки реквизиттер (билимдер).** Башталгыч мектептеги адабий окуу билим берүү стандартын, окуу программаларын, окуу китептерин жана методикалык колдонмолорду талдап, алардын ортосундагы байланышты аныкташат. Сабактарга план түзүүнү, көрсөтмө курал даярдоону, сабак өтүүнү билишет. Интелектуалдык, социалдык, адистик компетенцияларга ээ болушат.

## Курстун түзүлүшү

### Курстун көлөмү жана иштин түрлөрү

| № | Жалпы иштер | Бардык сааты | Семестр |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Жалпы | 60 | |
| 1. | Аудиториялык саат | 32 | VI |
| | • Лекциялык | 16 | VI |
| | • практикалыклык | 16 | VI |
| 2. | Студенттин өз алдынча иштери | 28 | VI |

| № | Бөлүмдүн аттары | Бардык саат | Аудиториялык саат | Лекциялык саат | Жумага бөлүнүшү | практикалыклык саат | Жумага бөлүнүшү | Өз алдынча аткара турган иш | Жумага бөлүнүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Адабий окууга үйрөтүүнүн мааниси, максаты. Окутууну пландаштыруу. | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| 2 | Адабий окууга үйрөтүүдө окуучунун окуу көндүмдөрүн калыптандыруу, аны өркүндөтүү жолдору. Окуу көндүмдөрүнүн түрлөрү. | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| 3 | Адабий чыгармаларды окутуу. Б.Блумдун ой жүгүртүү деңгээлдеринин таксоманиясы. Сынчыл окуу | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| 4 | Элдик оозекичыгармаларды окутуу | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| 5 | Ырларды окутуунун методикасы | 10 | | 2 | | 2 | | 2 | |
| 6 | Адабий окууда үй тапшырмаларын пландаштыруу | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| 7 | Адабий окууда окучунун сөзүн өстүрүү. Аларды сабакта пайдалануу. | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| 8 | Адабий окууга үйрөтүүдө жазуу жумуштарын жүргүзүү | 6 | | 2 | | 2 | | 2 | |
| | Жалпы сааты | 60 | | 16 | | 16 | | 28 | |

## 1. Окуп-үйрөнүүдө колдонуучу методдор

Башкы методдор лекцияда, практикалык сабактарды өтүүдө: түшүнүктөрүн жаздыруу, кыскача эссе жазуу, тексттер менен иштөө, таблица толтуруу, темага карата кроссворддорду толтуруу, кластер, синквейн, венндин диаграммасын түзүү ж.б. колдонулат. Билимдерин текшерүүдө модулдун жобосуна ылайык, бекитилген жадыбал боюнча: оозеки, тестирлөө, текшерүү иш алуу менен зачет, экзамен алынат.

## 2. Техникалык жактан камсыз болушу

**«Адабий окууга үйрөтүүнүн теориясы жана методикасы»** дисциплинасы ПМТФнын «Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы» кафедрасынын 2-223-аудиториясында өткөрүлөт. Интернет түйүндөрүнө туташтырылган компьютер, интерактивдүү доска бар.

## 3 Курстун саясаты:

### *3.1. Студенттерге коюлган талаптар:*

– сунуш кылынган адабияттарды көрсөтүлгөн китепканалардан, интернет булактарынан таап , пайдалануу;

– сабактан кечикпөө, ар бир сабакка активдүү катышуу;

– практикалык сабактар өтүлгөндөн кийин берилген схема, таблицалар боюнча отчетторду жазуу;

– өз алдынча тапшырмаларды берилген график боюнча келип, тапшыруу;

– себептүү, же себепсиз калтырган сабактары боюнча темаларды кайра

тапшыруу;

– сабак учурунда мобилдик телефондорду өчүрүү.

**Курсту окуп-үйрөнүүдө төмөнкү адабияттар пайдаланылат**. Адабияттарды ЖАМУнун борбордук китепканасынан, электрондук китепкананын сайтынан табууга болот.

### Негизги адабияттар

1.Турусбеков С., Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф., 1965
2.Бекбоев.И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык негиздери. – Б., 2003
3.Осмонкулов.А. Кыргызстанда эл агартуу иштери жана эне тилин окутуунун тарыхынан. – Ф.,,1974
4.Оморокова М.И. Совершенствование чтения младших школьников. – М., 1999

4.Сакиева С.С. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери. – Б., 2010

**Кошумча адабияттар**

1. Абдухамидова Б.А., Ибраимова К., Рысбаев С.К. 2-класста Адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер учун методикалык колдонмо. – Б.,2013

2. Абдухамидова Б.А., Ибраимова К., Рысбаев С.К. 3-класста Адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер учун методикалык колдонмо. – Б.,2013

3. Абдухамидова Б.А., Ибраимова К., Рысбаев С.К. 4-класста Адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер учун методикалык колдонмо. – Б.,2013

4.Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо (методикалык колдонмо). Бишкек, 2010
5.Байгазиев С.О.Окутуунун интерактивдүү методдору. – Бишкек,2004
6.Зимняя И.А. Педагогическая психология.– Ростов-на-Дону, 1997
7.Сакиева С.С.,Осмоналиева С.Ч., Мамбетова М.К. Эне тил. Лекциялык курс.– Б., 2002
8.“Сынчылды ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу” программасынын хрестоматиясы.– Б., 2004
9.Турусбеков С. Башталгыч класстарда түшүндүрүп окутуу жумуштары. –Ф., 1962
10.Турусбеков С., Бердибаев Э. 2-класстын эне тили жана кыргыз тилин окутууга методикалык көрсөтмө. – Ф.,1968
11.Турусбеков С.3-класстын эне тилин окутуунун метдикалык көрсөтмөлөрү. – Ф.,”Мектеп”, 1966
12.Токтомаметов А. Адабий окуу. 2-класс. – Бишкек, 2009

**4. Студенттердин билимин баалоо жөнүндө маалымат**

***Жазуу түрүндөгү тапшырмаларга коюлуучу баалоонун критерийи***

- тапшырманы логикалуу жазуусу,

- жазуунун стили,

- маңызын ачуу,

- жеке көз карашы менен баяндоо жана так аныктама берүү, анализ жасай алышы.

***Тапшырмаларды оозеки тапшыруусун баалоо критерийлери:***

- **о**юн эркин, туура тартипте айтып берүүсү;

- биринчи булактардан алган билими;

- кошумча материалдарды пайдалануусу;

- сабактын конспектисинин саны.

**Студенттердин билими: сабактарга катышуусу, активдүүлүгү, өз убагында ӨАИ (өз алдынча иштер) тапшыруусу жана илимий иштерге катышуусу менен бааланат**

| Аталышы | Максималдык балл |
|---|---|
| Лекцияга катышуусу | 20 |
| Практикалык сабактарга катышуусу | 20 |
| Практикалык сабактардагы активдүүлүгү | 20 |
| ӨАИ өз убагында тапшыруусу | 10 |
| ӨАИ жана практикалык иштерди өз убагында аткаруу активдүүлүгү | 10 |
| Илим-изилдөө иштерине катышуусу | 10 |
| Аралык экзамен | 10 |
| **Жыйынтыгы:** | **100** |

**5. Окуу процессинин жыйынтыгын чыгаруу**

Студенттердин окутуу процессинин жыйынтыгын аныктоодо калыптандыруучу баалоонун техникалары сунушталат.

Курс боюнча студенттердин билимин көзөмөлдөө жана текшерүүнүн жолдору:

- өз алдынча даярдануу;
- семестр ичинде студенттер практикалык сабактарга, өз алдынча изилдөөгө берилген суроолорго даярдануу жана талкуу;
- портфолио түзүү;
- доклад, эссе жазуу;
- оозеки жооп берүү;
- алдын ала даярдалган ачык жана жабык тесттерге жооп берүү;
- конференцияларга катышуу;
- кейстерди жыйноо;
- калыптандыруучу сурамжылоо;
- жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөр;
- кош жылдыз жана каалоо;
- берилген тапшырмаларды аткаруу.

**Академиялык чынчылдыкты сактоо принциптери**. Өз алдынча иш катары берилген материалдарды интернет булактарынан алгандан кийин ага ссылка жасоо керек, же сайтын жазуу талапка ылайык. Китептеги же интернеттеги окуу материалын

толугу менен көчүрүп албай, аны талдап, конспектилөө, же кыска формулировка жасоо керек. Аларды пайдалануунун жолдору сунушталышы шарт.

**Курсту окуп-үйрөнүү процессинде аткарылуучу өз алдынча иштердин темалары жана формалары**

| № | Өз алдынча аткарылуучу иштердин мазмуну | формасы |
|---|---|---|
| 1 | Адабий билим берүүнүн актуалдуу проблемалары | курстук иш |
| 2 | Адабий окууга үйрөтүүдө көрсөтмө куралдарды даярдоо ыкмалары | реферат |
| 3 | Башталгыч мектептеги адабий окуу китептеринин абалы | семинар |
| 4 | Адабий окууга үйрөтүү методикасынын өнүгүү тарыхы, өнүгүшү, калыптанышы, учурдагы абалы | баяндама |
| 5 | Адабий окууга үйрөтүүдө окуучунун окурмандык маданиятын калыптандыруу | баяндама |
| 6 | Адабий окууда окуу көндүмдөрүн калыптандыруу | курстук иш |
| 7 | Окуучулардын окуу ылдамдыгын текшерүү жана баалоо | баяндама |
| 8 | Салттуу окутуу менен интерактивдүү методдордун байланышы жана айырмачылыгы | эссе |
| 9 | Адабий окууга үйрөтүүдө жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн жолдору | семинар |
| 10 | Адабий окууда окуп-үйрөнүүнү пландаштыруу Машыктыруучу көнүгүүлөр | сабак өтүү |
| 11 | Адабий окууда текстти талдоону уюштуруу | баяндама |
| 12 | “Адабий окуу” окуулугунун түзүлүш системасы | курстук иш |
| 13 | Адабий окууда жомокторду окутуу | Сабак өтүү |
| 14 | Адабий окууда тамсилдерди окутуу | сабак өтүү |
| 15 | 1-2-класста жомокторду окутуу | баяндама |
| 16 | 3-4-класста жомокторду окутуу | сабак өтүү |
| 17 | Тамсилдерди окутууда көркөм окууну уюштуруу | Сабак өтүү |
| 18 | Жомокторду окутуудагы сөз өстүрүү жумуштары | курстук иш |
| 19 | Адабий окууга үйрөтүүнүн методикасын изилдеген окумуштуулар | талкуу |
| 20 | Окутуу процессинде окуучулардын жетишкендиктерин баалоо | эссе |
| 21 | Учурдагы тарбиялоо багытынын негизинде окутуу. Говард Гарднердин “Көп түрдүү интеллект” теориясы | баяндама |
| 22 | Окуучуларга үй тапшырма берүү жана аларды текшерүү ыкмалары | семинар |
| 23 | Сабак өтүүдө баалоону пландаштыруу | талкуу |
| 24 | Адабий окууда текст менен иштөөнү уюштуруу | сабак өтүү |

| 25 | Адабий окууда сынчыл окуунун уюштуруу жолдору | курстук иш |
|---|---|---|

**Адабий окууга үйрөтүүнүн методикасы курсу боюнча студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор**

1.Адабий окууга үйрөтүүдө окутууну пландаштыруу.
2.Адабий билим берүүнүн актуалдуу маселелери.
3.Адабий окуунун башка илимдер менен байланышы.
4.Адабий окууда окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана өркүндөтүү.
5.Окуу көндүмдөрүнүн түрлөрү.
6.Туура окууга үйрөтүү.
7.Шар окууга үйрөтүү.
8.Сезимдүү окууга үйрөтүү.
9.Көркөм окууга үйрөтүү.
10.Окуу ылдамдыгын текшерүүнү уюштуруу, баалоо технологиялары.
11.Адабий чыгармаларды окутуу, пландаштыруу.
12.Ырларды окутуу. Лирикалык ырларды окутуу.
13.Ырларды окутууда көркөм окуунун уюштуруу.
14. Сынчыл, башкарып окууну үйрөтүү жолдору.
15.Элдик оозеки чыгармаларды окутуу.
16.Тамсилдерди окутуу.
17.Жомокторду окутуу.
18.Адабий окууда интерактивдүү методдорду пайдалануунун мааниси жана максаты.
19.Адабий окуу сабагында үй тапшырмаларын пландаштыруу.
20.Адабий окуу сабагында баалоону пландаштыруу жана уюштуруу.

**Адабий окууга үйрөтүүнүн методикасы курсун окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студенттер төмөнкүдөй профессионалдык компетенцияларга ээ болушат;**

1. **Интеллектуалдык;**
   - өз билимин өркүндөтөт;
   - изденет;
   - адабий тилдин нормасында сабаттуу сүйлөй алат;
   - өзүнө ишенет;
   - чыгармачылык менен иштей алат;
   - проблемаларды чече билет.
2. **Социалдык;**
   - жамаат менен иштей алат;
   - башкалардын пикирин сыйлайт;
   - аткарган ишинин натыйжасын көрө билет;
   - өз укугун жана милдетин так аныктай алат.
3. **Адистик (профессионалдык);**
   - окутуп-тарбиялоо процесстерин уюштура алат;
   - окутуунун салттуу жана интерактивдүү методдорун билет жана колдоно алат;

– башталгыч мектептердин стандарттык программасынын негизинде иш жүргүзө алат;
- окуу программасына жана окуу китептерине талдоо жүргүзө алат;
- окуучулардын психологиялык өзгөчөлүгүн аныктай алат;
- сабакка максат коео билет;
- окуучулардын өз алдынча иштерин уюштура алат

## Жалал-Абад мамлекеттик университети

**БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА МЕТОДИКАСЫ КАФЕДРАСЫ**

**ТУУРА ЖАЗУУНУН ПРАКТИКУМУ**

# Силлабус

**Багыты: 550000 ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ**

**Адистиги: 550700 ПЕДАГОГИКА ЖАНА БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ**

**Профили: БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ**

**Окутуунун нормативдик мөөнөтү - 4 жыл.**

**Курстун деңгээли: БА (бакалавр)** ***студенттери үчүн, I курс, II семестр.***

**Бардыгы 4 кредит, жалпы сааты – 120, анын ичинен – 64 саат аудиториялык, 56 саат студенттердин өз алдынча иштери үчүн пландаштырылган.**

**Лекция – 16 саат, практикалык – 48 саат.**

**Силлабус мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлдү.**

***Түзгөн: п.и.д.., доцент Сакиева Сайипжамал Салайдиновна***

***Тел: 0559011160; 0773001160***

***e-mail: s-sakieva @mail.ru; facebook.com/s.sakieva***

Жалал-Абад-2015

# КИРИШҮҮ

Башталгыч мектептеги туура жазуунун практикумунун предметтик мазмунун кыргыз адабий тилинин кенже мектеп окуучуларынын курактык өзгөчөлүгүн эске алган орфографиялык эрежелер түзөт. Методика илими аларды дидактикалык негиздерге жана заман талабына ылайык окутуп-үйрөтүүнү сунуш кылат.

Кол жазма сулуулугуна үйрөтүүнүн практикумунун методикасынын теориялык маселелерине курстун жалпы түшүнүктөрү, дидактикалык принциптери, методологиясы, инсанга багыттап окутуунун факторлору сыяктуу маселелер каралат. Кол жазма сулуулугуна үйрөтүүдө ата-бабалардан келе жаткан руханий дөөлөттөргө сиңирилген эне тилдин баалуулуктарын жайылтуу, окуучулардын ой-жүгүртүүсүн өстүрүү, кол жазма сулуулугун калыптандыруу, сүйлөмдү туура, катасыз сулуу жазууну, орфографиялык, пунктуациялык эрежелерди терен үйрөнүүгө, текстти туура көчүрүп жазуу көндүмүн, текст менен чыгармачылык менен иштөөнү, сөз байлыгын кеңейтүү, эркин пикир алмашуу, туура, так сүйлөөгө, жазууга көнүктүрүү жана адабий билимдерин тереңдетүү максатын көздөйт.

Туура жазуунун практикумун үйрөтүүнүн дисциплинасы лекциялык курстан, практикалык жана өз алдынча иштөө формаларына пландаштырылат. Лекциялык курста туура жазууга үйрөтүүнүн методдору, тарыхы, окутуунун каражаттары, аларды сабакта пайдалануунун теориялык, практикалык негиздери, туура жазууга үйрөтүүдөгү жазуу сабагынын курамы, аларды уюштуруунун формалары боюнча жалпы маалымат берилет. Салттуу жана инновациялык окутуу, анын айырмачылыктары, сабактын структуралык түзүлүшү, башталгыч класстын программасы, "Алиппе" окуу китеби, "Алиппе дептери" менен байланыштуулугу айтылат. Туура жазууга үйрөтүүдө окуучунун билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандыруунун жолдору, кол жазма сулуулугун текшерүүнүн формалары, басымсыз, жантык жазууга үйрөтүүнүн жолдору, баланын кол жазма сулуугуна

калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү, аларды окутуунун салттуу жана интерактивдүү методдору талданат. Таза жазууга үйрөтүүдөгү баалоонун формалары сунушталат.

Практикалык сабакта календардык план, сабактын иштелмесин түзүүнү, аларды пайдалануунун жолдору талкууланат. Сабакка максат коюуну, максат коюуда окуучунун позициясына коюу менен сабактын план-иштелмесин түзүүнү, ишмердүүлүктүн түрүн жана ыкмаларын тандоого үйрөнүп, сабакты өтүүнүн жолдорун талкуулап, сабакты анализдөөнү, баалоону үйрөнүшөт, илимий методикалык адабияттарды пайдаланууга көнүгүшөт.

Өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалардын темалары, аткарылуу формасы, жадыбалы сунушталат. Курс боюнча өз алдынча иштөө жат жазуу, эссе, баяндама, дил баян, жазылып, баяндама окуу жана сабак өтүү формасында да жүргүзүлөт.

**Курсту өздөштүргөнгө чейинки реквизиттер (билимдер)** “Туура жазуунун практикуму” предметин окуп -үйрөнүүдө адабият, тарых, философия, лингвистика, педагогика, психология, гигиена, анатомия,физиология предметтеринин түшүнүктөрү негиз болот. Студенттердин орто мектептен алган билимдери, социалдык көндүмдөрү да чоӊ мааниге ээ. Туура жазууга үйрөтүүнүн практикуму предмети студенттерге таза жазуу боюнча профессионалдык даярдык көрүүгө база болот.

**Курсту өздөштүргөндөн кийинки реквизиттер (билимдер).** Башталгыч мектептеги таза жазуу боюнча билим берүү стандартын, окуу программаларын, окуу китептерин жана методикалык колдонмолорду талдап, алардын ортосундагы байланышты аныкташат. Сабактарга план түзүүнү, көрсөтмө курал даярдоону, сабак өтүүнү билишет. Интелектуалдык, социалдык, адистик компетенцияларга ээ болушат.

## Курстун түзүлүшү

### Курстун көлөмү жана иштин түрлөрү

| № | Жалпы иштер | Бардык сааты | Семестр |
|---|---|---|---|
| | Жалпы | 120 | |
| 1. | Аудиториялык саат | 64 | |
| | • Лекциялык | 16 | II |
| | • практикалык | 48 | II |
| 2. | Студенттин өз алдынча иштери | 56 | II |

| № | Бөлүмдүн аттары | Бардык саат | Аудиториялык саат | Лекциялык саат | Жумага бөлүштүрүү | практикалык саат | Жумага бөлүштүрүү | Өз турган иш | Жумага бөлүштүрүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Башталгыч мектепте туура жазууга үйрөтүүнүн системасы жана принциптери | 6 | | 2 | | 2 | | 2 | |
| 2 | Жазууга үйрөтүүгө баланы даярдоо. Жазуу сабагында колдонуучу методдор. | 6 | | 2 | | 2 | | 2 | |
| 3 | Жазуу куралдары жана аларды пайдалануу. | 6 | | 2 | | 2 | | 2 | |
| 4 | Жазуунун гигиенасы. Жазуунун елчему. | 6 | | 2 | | 2 | | 2 | |
| 5 | Окуучунун жазуудагы психологиялык бетенчелугу | 6 | | 2 | | 2 | | 2 | |
| 6 | Жазууга карата кенугуулер | 4 | | | | 2 | | 2 | |
| 7 | Тамгалардын тегиз, бийиктикте, аралыкта жазылышына карата кенугуулер | 4 | | | | 2 | | 2 | |
| 8 | Жазуу сабагы боюнча окуучулардын жетишуусун кеземелге алуу | 6 | | 2 | | 2 | | 2 | |
| 9. | Баш жана кичине тамгалардын жазылышы | 4 | | | | 2 | | 2 | |
| 10. | Доскага жазууну уйретуу | 4 | | | | 2 | | 2 | |
| 11. | Узгултуксуз жазуу | 6 | | | | 2 | | 4 | |
| 12. | Сездерде, суйлемдерде тамгалардын бийиктигин бирдей тегиздикте жазууга уйретуу | 6 | | | | 2 | | 4 | |
| 13. | Тамгаларды жана сездерду салка туура жайгаштыруу | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| 14. | Созулмалар менен жазылган сездер. Керуу жат жазуусу | 4 | | | | 2 | | 2 | |
| 15. | Катар келген унсуздер катышкан сездер, аларды жазуу. | 6 | | | | 2 | | 4 | |
| 16. | В, З тамгалары менен жазылган муундар. Уйретуучу жат жазуу | 4 | | | | 2 | | 2 | |

## 1. Окуп -үйрөнүүдө колдонуучу методдор

Башкы методдор лекцияда, практикалык сабактарды өтүүдө: түшүнүктөрүн жаздыруу, кыскача эссе жазуу, текстер менен иштөө, таблица толтуруу, темага карата кроссворддорду толтуруу, кластер, синквейн, венндин диаграммасын түзүү ж.б. колдонулат. Билимдерин текшерүүдө модулдун жобосуна ылайык, бекитилген жадыбал боюнча: оозеки, тестирлөө, жат жазуу, текшерүү иш алуу менен экзамен алынат.

## 2. Техникалык жактан камсыз болушу

«Туура жазуунун практикуму» предмети ПМТФнын «Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы» кафедрасынын **2-223**-аудиториясында өткөрүлөт. Интернет түйүндөрүнө туташтырылган компьютер, интерактивдүү доска бар.

## 3. Курстун саясаты:

### *3.1. Студенттерге коюлган талаптар:*

- сунуш кылынган адабияттарды көрсөтүлгөн китепканалардан, интернет булактарынан таап , пайдалануу;

- сабактан кечикпөө, ар бир сабакка активдүү катышуу;

- практикалык сабактар өтүлгөндөн кийин берилген схема, таблицалар боюнча отчетторду жазуу;

- өз алдынча тапшырмаларды берилген график боюнча келип, тапшыруу;

- себептүү же себепсиз калтырган сабактары боюнча темаларды кайра тапшыруу;

- сабак учурунда мобилдик телефондорду өчүрүү.

**Курсту окуп-үйрөнүүдө төмөнкү адабияттар пайдаланылат**. Адабияттарды ЖАМУнун борбордук китепканасынан, электрондук китепкананын сайтынан табууга болот.

## Негизги адабияттар

1. Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы.-Ф.,1978.
2. Турусбеков С., Бердибаев Э.,Рысбекова Б,.Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы,-Ф.,1965
3. Сартбаев К., Акунова А.Р., Мураталиева А. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Б., 2013
4. Рысбекова Б., Папакова А.Жазууга үйрөтүүнүн методикасы. – Ф., 1972

**Кошумча адабияттар**

5. Осмонкулов А. Мектепте фонетиканы окутуунун методикасы.- Ф.,1983
6. Мураталиева А. Башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоочу педагогикалык факультеттин студенттери үчүн кыргыз тилин окутуунун методикасынан практика-лабораториялык сабактарды өткөрүүнүн методикалык колдонмосу.- Б.,1994
7. Үмөталиева Б.,Сартбаев К., Жакыпов Ж. Педагогикалык окуу жайларда кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф.,1980

## 4. Студенттердин билимин баалоо жөнүндө маалымат

***Жазуу түрүндөгү тапшырмаларга коюлуучу баалоонун критерийи***

- тапшырманы логикалуу жазуусу,

- жазуунун стили,

- маңызын ачуу,

- жеке көз карашы менен баяндоо жана так аныктама берүү, анализ жасай алышы.

***Тапшырмаларды оозеки тапыруусун баалоо критерийлери***

**- о**юн эркин, туура тартипте айтып берүүсү;

- биринчи булактардан алган билими;

- кошумча материалдарды пайдалануусу;

- конспектин саны.

Студенттердин билими: сабактарга катышуусу, активдүүлгү, өз убагында ӨАИ (өз алдынча иштер) тапшыруусу жана илимий иштерге катышуусу менен бааланат.

| Аталышы | Максималдык балл |
|---|---|
| Лекцияга катышуусу | 20 |
| Практикалык сабактарга катышуусу | 20 |
| Практикалык сабактардагы активдүүлүгү | 20 |
| ӨАИ өз убагында тапшыруусу | 10 |
| ӨАИ жана практикалык иштерди өз убагында аткаруу активдүүлүгү | 10 |
| Илим- изилдөө иштерине катышуусу | 10 |
| Аралык экзамен | 10 |
| **Жыйынтыгы:** | **100** |

## 5. Окуу процессинин жыйынтыгын чыгаруу

Студенттердин окутуу процессинин жыйынтыгын аныктоодо калыптандыруучу баалоонун техникалары сунушталат.

Курс боюнча студенттердин билимин көзөмөлдөө жана текшерүүнү жолдору:

- өз алдынча даярдануу;
- семестр ичинде студенттер практикалык сабактарга, өз алдынча изилдөөгө берилген суроолорго даярдануу жана талкуу;
- портфолио түзүү;
- доклад, эссе жазуу;
- оозеки жооп берүү;
- алдын-ала даярдалган ачык жана жабык тесттерге жооп берүү;
- конференцияларга катышуу;
- кейстерди жыйноо;
- калыптандыруучу сурамжылоо.
- жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөр.
- кош жылдыз жана каалоо.

- берилген тапшырмаларды аткаруу

**Академиялык чынчылдыкты сактоо принциптери**. Өз алдынча иш катары берилген материалдарды интернет булактарынан алгандан кийин ага ссылка жасоо керек, же сайтын жазуу талапка ылайык. Китептеги же интернеттеги окуу материалын толугу менен көчүрүп албай, аны талдап, конспектилөө же кыска формулировка жасоо керек.

**Курсту окуп-үйрөнүү процессинде аткарылуучу өз алдынча иштердин темалары жана формалары**

| № | Өз алдынча аткарылуучу иштердин мазмуну | формасы |
|---|---|---|
| | | |
| 1. | Тамгаларды жазууда кетирилүүчү негизги каталар | баяндама |
| 2. | Азыркы шрифтердин жазылышына мүнөздөмө | баяндама |
| 3 | Тамгаларды жазууга үйрөтүү ыкмалары | Сабак өтүү |
| 4 | Тамгалардын майда элементтери | Сабак өтүү |
| 5. | Алиппе дептерин толтуруу | билдирүү |
| 6. | Тамгаларды абада жазууга көнүгүү | Сабак өтүү |
| 7. | Тамгаларды доскада жазууга көнүгүү | |
| 9 | Жазуу куралдары | баяндама |
| 10 | Жазуу сабагынын болжолдуу үлгүлөрүн иштеп чыгуу | баяндама |
| 11 | Жат жазууда каллиграфияны туура сактоого көнүгүү | баяндама |
| 12 | Дил баян жазууда каллиграфияны туура сактоого көнүгүү | баяндама |
| 13 | Алиппе мезгилинде колдонулуучу кесме тамгаларды жасоо | билдирүү |
| 14 | Сандарды жана амалдарды туура жазуу менен көрсөтмө курал түзүү | билдирүү |
| 15 | Конспект жазууда каллиграфияны туура сактоого жетишүү | баяндама |
| 16 | Сабак өтүүдө ийгиликти пландаштыруу | реферат |
| 17 | Окуучуларга үй тапшырма берүү жана аларды текшерүү ыкмалары | семинар |
| 18 | Көнүгүүлөрдү иштетүүнүн натыйжалуу ыкмалары | билдирүү |

**ТУУРА ЖАЗУУНУН ПРАКТИКУМУ курсу боюнча студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор**

1.Туура жазуунун ыкмалары кайсылар жана ага кандайча көнүгүүгө болот?

2.Туура жазууга үйрөтүүдө колдонулуучу методдор, алардын өзгөчөлүгү.

3.Туура жазууда ритмикалык методду пайдалануу ыкмалары.

4.Туура жазууда сызыктуу методду пайдалануунун өзгөчөлүгү.

5.Алфавит тартибинде баш жана кичине тамгаларды туура жазуу.

6.Өзүңөр каалаган 20 сөздү, 10 сүйлөмдү, 1 текстти туура жазгыла.

7.Алиппе дептеринин толтурулушу.

**8**.Жазма тамгалар менен жазылган көрсөтмө куралдарды даярдоо. (карточка, синквейн, кластер ж.б)

**9**. Басма тамгалар менен жазылган көрсөтмө куралдарды даярдоо (таблица,схема, плакат ж.б.)

10.Туура жазуу боюнча сабактын планын түзүү.

**11**.Конспектини каллиграфияны туура сактоо менен жазуу.

**Туура жазуунун практикуму курсун окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студенттер төмөнкүдөй профессионалдык компетенцияларга ээ болушат;**

4. **Интелектуалдык;**
   - өз билимин өркүндөтөт;
   - изденет;
   - адабий тилдин нормасында сабаттуу сүйлөй алат;
   - өзүнө ишенет;
   - чыгармачылык менен иштей алат;
   - проблемаларды чече билет;
5. **Социалдык;**
   - жамаат менен иштей алат;
   - башкалардын пикирин сыйлайт;
   - аткарган ишинин натыйжасын көрө билет;
   - өз укугун жана милдетин так аныктай алат.
6. **Адистик (профессионалдык);**
   - окутуп-тарбиялоо процесстерин уюштура алат;

- окутуунун салттуу жана интерактивдүү методдорун билет жана колдоно алат;

– башталгыч мектептердин стандарттык программасынын негизинде иш жүргүзө алат;

- окуу программасына жана окуу китептерине талдоо жүргүзө алат;

- окуучулардын психологиялык өзгөчөлүгүн аныктай алат;

- сабакка максат коео билет;

- окуучулардын өз алдынча иштерин уюштура алат.

# Жалал-Абад мамлекеттик университети

**БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА МЕТОДИКАСЫ КАФЕДРАСЫ**

**БАЛДАР РИТОРИКАСЫ**

## Силлабус

**Багыты:  550000 ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ**

**Адистиги: 550700 ПЕДАГОГИКА ЖАНА БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ**

**ПРОФИЛИ: БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ**

**Окутуунун нормативдик мөөнөтү-4 жыл.**

**Курстун деңгээли: БА (бакалавр) *студенттери үчүн, III курс, VI семестр.***

**Бардыгы 2 кредит, жалпы сааты-60, анын ичинен-32 саат аудиториялык, 28 саат студенттердин өз алдынча иштери үчүн пландаштырылган.**

**Лекция – 16 саат, практикалык – 16 саат.**

**Силлабус мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлдү.**

***Түзгөн: п.и.д., доцент Сакиева Сайипжамал Салайдиновна***

***Тел: 0559011160; 0773001160***

***e-mail: s-sakieva @mail.ru: facebook /s.sakieva***

Жалал-Абад-2015

## КИРИШҮҮ

Башталгыч мектепте балдар риторикасынын предметтик мазмунун кыргыз адабиятындагы кенже мектеп окуучуларынын курактык өзгөчөлүгүн эске алган элдик оозеки жана адабий чыгармалар түзөт. Методика илими аларды дидактикалык негиздерге жана заман талабына ылайык окутуп-үйрөтүүнү сунуш кылат.

Балдар риторикасынын теориялык маселелерине курстун жалпы түшүнүктөрү, дидактикалык принциптери, методологиясы, инсанга багыттап окутуунун факторлору сыяктуу маселелер каралат.

Риториканы башталгыч мектепте үйрөтүүдө ата-бабалардан келе жаткан руханий дөөлөттөргө сиңирилген эне тилдин баалуулуктарын жайылтуу, окуучулардын ой-жүгүртүүсүн өстүрүү, тексттин мазмунун түшүнүүгө, өз сөзү менен айтып берүүгө, текст менен чыгармачылык менен иштөөнү, сөз байлыгын кеңейтүү,

эркин пикир алмашуу, туура, так сүйлөөгө, жазууга көнүктүрүү жана адабий билимдерин тереңдетүү максатын көздөйт.

Балдар риторикасы дисциплинасы лекциялык курстан, практикалык жана өз алдынча иштөө формаларынан пландаштырылат. Лекциялык курста балдар риторикасын үйрөтүүнүн методдору, тарыхы, окутуунун каражаттары,аларды сабакта пайдалануунун теориялык, практикалык негиздери, адабий окуу сабагынын курамы, аларды уюштуруунун формалары боюнча жалпы маалымат берилет. Салттуу жана инновациялык окутуу, анын айырмачылыктары, сабактын структуралык түзүлүшү, башталгыч класстын программасы, "Адабий окуу", "Кыргыз тили" окуу китептери менен байланыштуулугу айтылат. Балдар риторикасы окуучунун билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандыруунун жолдору, окуу ылдамдыгын текшерүүнүн формалары, элдик жана адабий чыгармаларды окутуунун өзгөчөлүктөрү, аларды окутуунун салттуу жана интерактивдүү методдору талданат. Текстти жаттоонун оозеки жана жазуу формалары үйрөтүлөт. Адабий окууга үйрөтүүдөгү, кыргыз тилин окутуудагы жазуу жумуштарынын (дилбаян, баяндама) түрлөрү, аларды пландаштыруунун өткөрүүнүн, баалоонун, формалары сунушталат.

Практикалык сабакта календардык план, сабактын иштелмесин түзүүнү, аларды пайдалануунун жолдору талкууланат. Сабакка максат коюуну, максат коюуда окуучунун позициясына коюу менен сабактын план-иштелмесин түзүүнү, ишмердүүлүктүн түрүн жана ыкмаларын тандоого үйрөнүп, сабакты өтүүнүн жолдорун талкуулап, сабакты анализдөөнү, баалоону үйрөнүшөт, илимий методикалык адабияттарды пайдаланууга көнүгүшөт.

Өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалардын темалары, аткарылуу формасы, жадыбалы сунушталат. Курс боюнча өз алдынча иштөө , эссе, баяндама, дил баян, баяндама окуу жана сабак өтүү формасында да жүргүзүлөт.

**Курсту өздөштүргөнгө чейинки реквизиттер (билимдер)** "Балдар риторикасы" предметин окуп үйрөнүүдө адабият, тарых, философия, лингвистика, педагогика, психология предметтеринин түшүнүктөрү негиз болот. Студенттердин орто мектептен алган билимдери, социалдык көндүмдөрү да чоң мааниге ээ. Риторика предмети студенттерге адабий окуу, кыргыз тили боюнча профессионалдык даярдык көрүүгө база болот.

**Курсту өздөштүргөндөн кийинки реквизиттер (билимдер).** Башталгыч мектептеги адабий окуу, кыргыз тили боюнча билим берүү стандартын, окуу программаларын, окуу китептерин жана методикалык колдонмолорду талдап, алардын ортосундагы байланышты аныкташат. Сабактарга план түзүүнү, көрсөтмө

курал даярдоону, сабак өтүүнү билишет. Интелектуалдык, социалдык, адистик компетенцияларга ээ болушат.

## Курстун түзүлүшү

### Курстун көлөмү жана иштин түрлөрү

| № | Жалпы иштер | Бардык сааты | Семестр |
|---|---|---|---|
| | Жалпы | 60 | |
| 1. | Аудиториялык саат | 32 | VII |
| | • Лекциялык | 16 | VII |
| | • практикалык | 16 | VII |
| 2. | Студенттин өз алдынча иштери | 28 | VII |

| № | Бөлүмдүн аттары | Бардык саат | Аудиториялык саат | Лекциялык саат | Жумага бөлүнүшү ү | практикалыклык саат | Жумага бөлүнүшү | Өз алдынча аткара турган иш | Жумага бөлүнүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Баарлашуу | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| 2 | Кептин жанры | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| 3 | Башталгыч мектептин окуучуларынын кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| 4 | Кеп ишмердүүлүк. Кеп ишмердүүлүктүн түрлөрү | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| 5 | Текст менен иштөөнү уюштуруу | 6 | | 2 | | 2 | | 2 | |
| 6 | Башталгыч мектептин окуучуларынын кеп маданиятынын жалпы маселелери | 6 | | 2 | | 2 | | 2 | |
| 7 | Байланыштуу кептин жалпы маселелери | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| 8 | Байланыштуу кептин жалпы маселелери | 8 | | 2 | | 2 | | 4 | |
| . | Жалпы сааты | 60 | | 16 | | 16 | | | 28 |

## 1. Окуп-үйрөнүүдө колдонуучу методдор

Башкы методдор лекцияда, практикалык сабактарды өтүүдө: түшүнүктөрүн

жаздыруу, кыскача эссе жазуу, тексттер менен иштөө, таблица толтуруу, темага карата кроссворддорду толтуруу, кластер, синквейн, венндин диаграммасын түзүү ж.б. колдонулат. Билимдерин текшерүүдө модулдун жобосуна ылайык, бекитилген жадыбал боюнча: оозеки, тестрлөө, текшерүү иш алуу менен экзамен алынат.

## 2. Техникалык жактан камсыз болушу

«Балдар риторикасы» предмети ПМТФнын «Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы» кафедрасынын 2-223-аудиториясында өткөрүлөт. Интернет түйүндөрүнө туташтырылган компьютер, интерактивдүү доска бар.

## 3. Курстун саясаты:

### *3.1. Студенттерге коюлган талаптар:*

- сунуш кылынган адабияттарды көрсөтүлгөн китепканалардан, интернет булактарынан таап , пайдалануу;

- сабактан кечикпөө, ар бир сабакка активдүү катышуу;

- практикалык сабактар өтүлгөндөн кийин берилген схема, таблицалар боюнча отчетторду жазуу;

- өз алдынча тапшырмаларды берилген график боюнча келип, тапшыруу;

- себептүү же себепсиз калтырган сабактары боюнча темаларды кайра

тапшыруу;

- сабак учурунда уюлдук телефондорду өчүрүү.

**Курсту окуп-үйрөнүүдө төмөнкү адабияттар пайдаланылат**. Адабияттарды ЖАМУнун борбордук китепканасынан, электрондук китепкананын сайтынан табууга болот.

### Негизги адабияттар

1. Введенская Л.А., Павлова Л.Г. Культура и искусство речи: Современная риторика.- Ростов-на-Дону,1996
2. Ладыженская Т.А. Детская риторика. / Программы общеобразовательных учреждений. Начальные классы.- Часть 1.-Москва, 2002.-137-153-б.
3. Давлетов С. Байланыштуу речь. – Б.,1999.

4. Далецкий Ч. Практикум по риторике. – Москва,1996.
5. Мусаев С.Ж. Кеп маданиятынын маселелери. – Б.,1993.-9-82-б.

**Кошумча адабияттар**

1. Абрамов Н. Искусство разговаривать// Русская речь.-1991.-№4
2. Гольдин В.Е., Сиротинина О.Б. Речевая культура // Русский язык. Энциклопедия. – М.,1998
3. Карасаев Х. Накыл сљздљр. – Б.,1995
4. Кыргыз элинин макал-лакаптары. – Б.,1998
5. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. – Б.,2001
6. Осмонкулов А., Акунова А. Өнөр алды-кызыл тил. – Б.,2007
7. Ширяев Е.Н. Что такое культура речи? // Русская речь.-1991.-№4
8. Ширяев Е.Н. Что такое культура речи? // Русская речь.-1991.-№4

**4. Студенттердин билимин баалоо жөнүндө маалымат**

***Жазуу түрүндөгү тапшырмаларга коюлуучу баалоонун критерийи***

- тапшырманы логикалуу жазуусу,

- жазуунун стили,

- маңызын ачуу,

- жеке көз карашы менен баяндоо жана так аныктама берүү, анализ жасай алышы.

***Тапшырмаларды оозеки тапшыруусун баалоо критерийлери***

**- о**юн эркин, туура тартипте айтып берүүсү;

- биринчи булактардан алган билими;

- кошумча материалдарды пайдалануусу;

- конспектинин саны.

Студенттердин билими: сабактарга катышуусу, активдүүлгү, өз убагында ӨАИ (өз алдынча иштер) тапшыруусу жана илимий иштерге катышуусу менен бааланат.

| Аталышы | Максималдык балл |
|---|---|

| | |
|---|---|
| Лекцияга катышуусу | 20 |
| Практикалык сабактарга катышуусу | 20 |
| Практикалык сабактардагы активдүүлүгү | 20 |
| ӨАИ өз убагында тапшыруусу | 10 |
| ӨАИ жана практикалык иштерди өз убагында аткаруу активдүүлүгү | 10 |
| Илим- изилдөө иштерине катышуусу | 10 |
| Аралык экзамен | 10 |
| **Жыйынтыгы:** | **100** |

## 5. Окуу процессинин жыйынтыгын чыгаруу

Студенттердин окутуу процессинин жыйынтыгын аныктоодо калыптандыруучу баалоонун техникалары сунушталат.

Курс боюнча студенттердин билимин көзөмөлдөө жана текшерүүнү жолдору:

- өз алдынча даярдануу;
- семестр ичинде студенттер практикалык сабактарга, өз алдынча изилдөөгө берилген суроолорго даярдануу жана талкуу;
- портфолио түзүү;
- доклад, эссе жазуу;
- оозеки жооп берүү;
- алдын ала даярдалган ачык жана жабык тесттерге жооп берүү;
- конференцияларга катышуу;
- кейстерди жыйноо;
- калыптандыруучу сурамжылоо.
- жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөр.
- кош жылдыз жана каалоо.
- берилген тапшырмаларды аткаруу

**Академиялык чынчылдыкты сактоо принциптери**. Өз алдынча иш катары берилген материалдарды интернет булактарынан алгандан кийин ага ссылка жасоо керек, же сайтын жазуу талапка ылайык. Китептеги же интернеттеги окуу материалын

толугу менен көчүрүп албай, аны талдап, конспектилөө, же кыска формулировка жасоо керек.

**Курсту окуп-үйрөнүү процессинде аткарылуучу өз алдынча иштердин темалары жана формалары**

| № | Өз алдынча аткарылуучу иштердин мазмуну | формасы |
|---|---|---|
| 1 | Риторика илиминин тарыхы | реферат |
| 2 | Байыркы Грециядагы ораторлук өнөр | семинар |
| 3 | Арстанбек,Калыгул,Жээренче чечен, Асанкайгы, Толубай сынчы, Жеңижок ж.б. кыргыз элинен чыккан инсандардын сөз өнөрү. | дил баян |
| 4 | Азыркы күндөгү белгилүү төкмө акындар, чечендер, куудулдар. | баяндама |
| 5 | Сөздүн көркөмдүгүн арттырууда колдонулуучу лингвистикалык каражаттар, адабий троптор. | конспект |
| 6. | Байланыш каражатты үйрөнүүнүн мааниси, теориялык негиздери. | оозеки |
| 7. | Стилистика жөнүндө түшүнүк. | таблица |
| 8 | Кептин функционалдык - маанилик түрлөрү. (Сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү) | оозеки |

**БАЛДАР РИТОРИКАСЫ курсу боюнча студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор**

1. Риторика илиминин тарыхы.

2. Тексттин темасы, негизги оюу, аталышы, бөлүктөрү.

3. Тексттеги сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору.

4. Кеп маданияттын баскычтары.

5. Сөздүн көркөмдүгүн арттырууда колдонулуучу лингвистикалык каражаттар.

6. Кептин функционалдык-маанилик түрлөрү.

7. Кеп адеби.

8. Өткөндөгү жана учурдагы сөздөрдү аркалаган кыргыз элинен чыккан белгилүү инсандар.

9. Текстке анализ берүү.

10. Стилдин түрлөрү боюнча тексттерди түзүү.

11. Күндөлүк турмушта пикир алышуунун риторикасы.

12. Күлкүлүү окуяларды, жомок, табышмак, жаңылмачтарды аудиториянын астында жеткиликтүү түшүндүрүү.

13. Уйкаштырып, куюлуштуруп ыр чыгаруу.

**БАЛДАР РИТОРИКАСЫ курсун окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студенттер төмөнкүдөй профессионалдык компетенцияларга ээ болушат;**

7. **Интелектуалдык;**
   - өз билимин өркүндөтөт
   - изденет
   - адабий тилдин нормасында сабаттуу сүйлөй алат
   - өзүнө ишенет
   - чыгармачылык менен иштей алат
   - проблемаларды чече билет
8. **Социалдык;**
   - жамаат менен иштей алат
   - башкалардын пикирин сыйлайт
   - аткарган ишинин натыйжасын көрө билет
   - өз укугун жана милдетин так аныктай алат.
9. **Адистик (профессионалдык);**
   - окутуп-тарбиялоо процесстерин уюштура алат
   - окутуунун салттуу жана интерактивдүү методдорун билет жана колдоно алат.
   - башталгыч мектептердин стандарттык программасынын негизинде иш жүргүзө алат
   - окуу программасына жана окуу китептерине талдоо жүргүзө алат

- окуучулардын психологиялык өзгөчөлүгүн аныктай алат
- сабакка максат коео билет
- окуучулардын өз алдынча иштерин уюштура алат.

# Жалал-Абад мамлекеттик университети

**БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА МЕТОДИКАСЫ КАФЕДРАСЫ**

**КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ**

# Силлабус

**Багыты: 550000 ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ**

**Адистиги: 550700 ПЕДАГОГИКА ЖАНА БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ**

**Профили: БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ**

**Окутуунун нормативдик мөөнөтү- 4 жыл**

**Курстун деңгээли: БА (бакалавр)** ***студенттери үчүн, III курс, VI семестр***

**Бардыгы 5 кредит, жалпы сааты-150, анын ичинен-80 саат аудиториялык, 70 саат студенттердин өз алдынча иштери үчүн пландаштырылган.**

**Лекция – 32 саат, практикалык – 48 саат**

**Силлабус мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлдү**



***Түзгөн: п.и.д., доцент Сакиева Сайипжамал Салайдиновна***

***Тел: 0559011160; 0773001160***

***e-mail: s-sakieva @mail.ru; facebook /s.sakieva***



Жалал-Абад -2015

## КИРИШҮҮ

Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасынын предметтик мазмунун кыргыз тилиндеги тилдик материалдар жана тил илиминдеги жаңы маалыматтар түзөт. Методика илими аларды дидактикалык негиздерге жана заман талабына ылайык окутуп-үйрөтүүнү сунуш кылат. Кыргыз тилин окутуу методикасынын теориялык маселелерине курстун жалпы түшүнүктөрү, дидактикалык принциптери, методологиясы, инсанга багыттап окутуунун факторлору сыяктуу маселелер каралат.

Кыргыз тилин башталгыч мектепте үйрөтүүдө ата-бабалардан келе жаткан руханий дөөлөттөргө сиңирилген эне тилдин баалуулуктарын жайылтуу,

окуучулардын ой-жүгүртүүсүн өстүрүү, тилдик материалдары үйрөтүү менен окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү, грамматикалык эрежелерди туура, так сүйлөөгө, аларды өзүнүн кебинде пайдаланууга, орфографиялык, пунктуациялык эрежелерди терең оздөштүрүү менен сабаттуу болууга, сөздөрдү туура сүйлөө менен аны өз кебинде пайдаланууга көнүктүрүү жана аларды тереңдетүү максатын көздөйт.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы дисциплинасы лекциялык курстан, практикалык жана өз алдынча иштөө формаларынан пландаштырылып, курстук иш жазылат. Лекциялык курста кыргыз тилин окутуунун методдору, тарыхы, окутуунун каражаттары, аларды сабакта пайдалануунун теориялык, практикалык негиздери, кыргыз тили сабагынын курамы, аларды уюштуруунун формалары боюнча жалпы маалымат берилет. Салттуу жана инновациялык окутуу, анын айырмачылыктары, сабактын структуралык түзүлүшү, башталгыч класстын программасы, "Кыргыз тили " окуу китептери менен байланыштуулугу айтылат. Кыргыз тилин окутууда окуучунун билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандыруунун жолдору, жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн, аларды текшерүүнүн формалары, фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик матермалдарды окутуунун озгөчөлүктөрү, окуучунун кол жазма сулуулугун калыптандыруунун ыкмалары, аларды окутуунун салттуу жана интерактивдүү методдору талданат. Кыргыз тилин окутуудагы жат жазуунун түрлөрү, каталар менен иштөөнүн, окуучунун сабаттуулугун калыптандыруучу, жазуу жумуштарынын (дилбаян, баяндама) түрлөрү, аларды пландаштыруунун, өткөрүүнүн, баалоонун, формалары сунушталат.

